USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунан алынган китептерди колдонуу боюнча нускама

## 1. Жалпы жобо.

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун максаттуу мектептерине берилген китептер башталгыч мектеп окуучулары үчүн кошумча окуу материалдары катары, алардын окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана сабак учурунда жана сабактан тышкаркы убакта окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатын көздөйт. Бул китептер мектептин баланстык каттоосуна коюлат жана колдонуу үчүн мектептин китепканасына берилет. Китептер мектепке чейинки даярдоо жана башталгыч мектеп окуучуларына жана бардык каалоочуларга жеткиликтүү болушу керек.

## 2. Китептер жөнүндө маалымат

Бул китептер (45 аталыштагы) USAIDдин «Келгиле, окуйбуз» долбоору тарабынан иштелип чыгып, «Окуу керемет!» долбоору тарабынан басылып чыкты. Китептер буга чейинки долбоорго кирбей калган мектептерге таркатылат. Бул китептердин өзгөчөлүгү -алар классификацияланган, б.а. ар бир китептин татаалдыгына жараша ага кандайдыр бир деңгээл бекитилген, бул ар бир баланын окуу жөндөмүнө жараша тийиштүү китепти тандоого мүмкүнчүлүк берет.

*2.1. Китептердин классификациясы*

Классификация белгилүү критерийлер боюнча адабий жана маалыматтык китептердин татаалдык деңгээлин жөнөкөйдөн татаалга карай аныктайт. Мындай өзгөчөлүк ар бир баланын өзүнүн темпине жараша керектүү окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет, окуу боюнча «бардыгын бирдей кароого» жол бербейт. Классификацияланган материалдар окуучуларга окуунун ар кандай этаптарында жеткиликтүү болуп, окуу компетенциясына ылайык китеп тандап алуусун камсыз кылат.

Ар бир китептин арткы мукабасында китептин деңгээли аныкталган таблица бар:

- Биринчи класс: деңгээлдер 1.1, 1.2, 1.3
- Экинчи класс: деңгээлдер 2.1, 2.2
- Үчүнчү класс: деңгээлдер 3.1, 3.2
- Төртүнчү класс: деңгээлдер 4.1, 4.2

*2.2. Китептердин жанры*

Берилип жаткан китептердин тизмегине ар кандай жанрдагы түрлүү тексттер кирди .

Маалыматтык китептер – жалпысынан булар илимий-популярдык тексттер (мисалы, энциклопедиялар «Футбол», «Жаратылыш кереметтери», Э. Шукуровдун китептери «Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү жапайы айбанаттар», «Маленькие существа рядом с нами» ж.б.). Бул китептерди окуу, Мекен таануу сабактарында жана окуучулар өз алдынча окуу үчүн колдонсо болот.

Ырлар – ритми жана рифмасы бар кичине чыгармалар. Мындай китептерге К. Соорбекованын «Келгиле, достор, санайлы», Ы. Кадыровдун «Санактар» , А, Мальчиктин «Тигренок и ёж» деген чыгармалары кирет. Бул китептерди тил жана адабият сабактарында, класстык сааттарды жана сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда колдонсо болот.

Аңгемелер- бир сюжеттүү жана бир нече каарман катышкан кичине чыгарма. Аңгемелердин мисалы катары «Рикки» жана «Темгил из рода больших кошек» чыгармаларын атасак болот. Бул чыгармаларда баланын кабыл алуусуна жакын болгон каармандардын окуясы жана сезимдери чагылдырылган. Алардын мисалында балдар достукту жана жардамдашууну баалаганды, бири-бирине камкор болууну үйрөнүшөт.

Математикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүчү китептер – «Балдар үчүн эсеп» сериясынын китептери, мисалы, «Карта сокровища Сема», «Эмнени жүктөп алсак?». Бул китептерди математика сабагында эле эмес, сабактан тышкаркы иш-чараларда да колдонсо болот.

**3. Мугалимдер бул китептерди качан колдоно алышат?**

- Окуу, Мекен таануу жана математика сабактарында;
- класстан тышкаркы иш-чараларды өткөргөндө;
- балдардын жайкы окуу лагерлерин, окулган китептер боюнча китеп клубдарын же талкууларды өткөргөндө;
- ата-энелердин чогулушунда үй-бүлөдө балдар менен китеп окуу үчүн сунуштама берүүдө.

**4. Китепканачылар бул китептерди качан колдоно алышат?**

- Окуу боюнча класстан тышкаркы иш-чараларды өткөргөндө;
- окуу фестивалдарын, башталгыч класстардын арасында окуу жана китеп конкурстарын, ошондой эле китеп окууну жайылтуу боюнча иш-чараларды өткөргөндө;
- коомчулукта үй-бүлөлүк окууларды уюштурууда;

**5. Китепканачыларга сунуштама**

- Китептердин сакталышына жана окурмандардын чөйрөсүн түзүүгө китепканачы жооптуу;
- бул китептердин бардыгын «USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунан жаны китептер» деп белгиленген текчеге жайгаштыруу керек;
- темалар боюнча китептердин тизмесин түзөт (мисалы, энциклопедиялар, жомоктор, ырлар).
- китептерди кичинекей окурмандар үчүн жеткиликтүү жана  көрүнүктүү жерге жайгаштырат.
- окурмандарды кызыктыруу максатында башталгыч мектеп окуучулары үчүн китептерди көрсөтүү менен коштолгон «китеп саатын» уюштурат;
- бул китептерди окуу фестивалдарын, жатка айтуучулардын таймашын, окуу лагерлерин ж.б. балдардын жана чоң кишилердин арасында китеп окуу маданиятын өнүктүрүү боюнча ар кандай иш-чараларды уюштурат;
- ата-энелерге үй-бүлөдө балдар менен чогуу окуу үчүн ушул китептерди сунуштайт;
- окуучуларга китептерди колдонуу эрежесин түшүндүрөт;
- окуучу китепти кайра өткөрүп жатканда аны шыктандыруу үчүн окуган китеби боюнча суроолорду берет;
- ата-энелерге жана окуучуларга китепке аяр мамиле жасоо боюнча түшүндүрүү иштерин алып барат.
- айрылган китептерди өз убагында ондоп, китепканага тапшырууну көзөмөлдөйт;
- мугалимдерге окуу, тил, Мекен таануу сабактарына кошумча материал катары китептерди балдардын жаш курагына жана окуу жөндөмүнө жараша колдонуу боюнча кеңеш берет (мисалы, 3-класс үчүн 3.1 жана 3.2 деңгээлиндеги китептерди тандап, мугалимдерге сунуштайт).
- Китептер китеп текчелерде сакталат:
  - ✓ канцеляриялык органайзерде, тигинен;
  - ✓ канцеляриялык органайзерде, туурасынан;
  - ✓ пластиктен, картондон жасалган тик бурчтуу контейнерлерде, кутуларда, корзиналарда;
  - ✓ файл -папкалардын ичинде.

***Бирге окуу- керемет!***

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.